**Калмаматова Замира Абдырахманованын «Ааламдашуу шарттарында кыргыздардын этномаданиятындагы маргиналдуулук феномени» аттуу темадагы 09.00.11 – социалдык философия адистиги боюнча философия илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын издении алуу үчүн жазган диссертациясына расмий оипонеиттин**

# ПИКИРИ

1. **Диссертациянын темасыиыи актуалдуулугу.**

Этномаданияттагы маргиналдуулук проблемасы Шериктештикке кирген Көз каранды эмес мамлекеттер үчүн өзгөчө маанилүү. Анткени, биринчиден, СССР кулагандан кийин миллиондогон адамдар өздөрүнүн этноулуттук түзүмү жайгашкан аймактардан сырткары жерлерде калып, өз укуктары жетишээрлик деңгээлде корголбогон этникалык азчылыктарга айланган. Мындай жагдайда этномаданий маргиналдардын проблемасын изилдөө, алардын жүрүм-турумун түшүнүү жана прогноздоо, о.э. ылайыктуу саясатты иштеп чыгуу азыркы учурдагы актуалдуу проблемалардын бири болуп эсептелет. Экинчиден, мурунку СССРдин курамына кирген мамлекеттердеги жалпы социалдык-экономикалык жана социалдык-саясий жагдайлардын начарлашынын, калктардын жашоо-тиричилигинин деңгээлинин төмөндөшүнүн, этностор ортосундагы жаңжалдардын жана кылмыштуулуктун өсүшүнүн негизинде адамдардын жашоо-тиричилигинде өзөктүү проблемалар пайда болду. Мына ушуларды саясий-практикалык өңүттө гана эмес, илимий-теориялык маанайда кароо зарылчылыгы жаралып отурат.

2. **Диссертацияда берилген илимий жоболордуи, жыйынтыктардын жана сунуштардын негизделиш даражасы.**

Диссертациялык иште социалдык, статустук-ролдук жана этномаданий сыяктуу маргиналдуулук түшүнүктөрү бири-биринен айырмаланган «маргиналдуу инсан», «маданияттар ортосундагы оз ара алака», «этникалык маданият», «аномия», «ассимиляция», «этномаргинал» терминдеринин

түшүнүк аппараты таркалган. Мында маргиналдуу инсан, инсандын өзгөчө тиби, маданий гибрид, эки ар бишка элдин маданияттары менен каада-салттарынын ортосунда чалынып, аң-сезиминин дуализми, так аныкталган маданий параметрлеринин жоктугу, пикирлери менен иш-аракеттеринин туруксуздугу жана карама-каршылыктуулугу менен мүнөздөлгөн адам катары каралган. Иште маргиналдуулук феноменинин этномаданий нормага болгон алакасы жана кыргыздардын этномаданиятынын өнүгүүсүндө конструктивдүү жана деструктивдүү функцияларды өткөрүүчү маргиналдык новациялардын революциялык мүнөзү ачылып берилген. Этномаданий маргиналдуулук феномени туруктуулук менен өзгөрмөлүүлүктүн биримдиги катары каралган. Динамикалуулуктун көз карашында этномаданий маргиналдуулук субъекттин (топтун, жамааттын) бир маданий-тилдик чөйрөдон экинчисине отүү процесси катары аныкталган. Этномаданий маргиналдуулукту туруктуулук оңуттө изилдөө аркылуу анын субъектисинин маңыздуу касиеттерин аныктоо аракеттери жасалган. Ошондой эле диссертацияда этномаданиятты изилдөөнүн негизинде объективдүү-тарыхый тенденциялар катары маргиналдуулук феноменинин перманенттүүлүгү туурасындагы жыйынтык чыгарылып, социумдун өнүгүүсүнүн конкреттүү тарыхый шарттарында пайда болгон маргиналдуулуктун кээ бир түрлөрүнүн локалдуу-убакыттык мүнөзү жөнүндө да ойлор айтылат.

Диссертацияда алынган жоболор жана жыйынтыктар максаттуу изилдөөнүн негизинде келип чыккан. Алар илимий жактан негизделген жана ишенимдүү болуп саналат. Ошондой эле республикалык деңгээлде өткөрүлгөн илимий-практикалык конференцияларда апробацияланган. Диссертациянын жоболору жана жыйынтыктары ааламдашуу шартындагы кыргыз элинин этномаданиятындагы жаралган маселелерди терең изилдөөгө шарт түзөт. Ушундан улам алар өзүлөрүнүн негиздүүлүгү жана ишенимдүүлүгү жагынан илимдин аталган багыты үчүн олуттуу мааниге ээ.

**3. Изилдөөнүн илимий жана практикалык маанилүүлүгү.**

Белгилүү болгондой, кыргыздардын этномаданиятындагы маргиналдуулук феноменине арналган комплекстүү философиялык изилдөө жүргүзүлө элек. Ал эми диссертациялык иште системалуу формада маргиналдуулук феноменине социалдык-философиялык анализ жүргүзүү, анын калыптануусунун, өнүгүүсүнүн жана ишке ашуусунун өзгөчөлүктөрүн ачып берүү аракети көрүлгөн. Башкача айтканда, эмгекте ааламдашуу шарттарында кыргыздардын этномаданиятындагы маргиналдуулуктун маңыздуу социалдык-философиялык мүнөздөмөлөрү менен анын конкреттүү көрүнүштөрү аныкталган. Изилдөөнүн жүрүшүндө маргиналдуулук проблемасын изилдөөдөгү маданий-саясий жобону негиздөөгө жана өнүктүрүүгө аракеттер жасалган.

Диссертациялык иштин негизги жоболорун жана жыйынтыктарын ааламдашуу шартында келип чыккан этномаданияттагы маргиналдуулук көрүнүшүн терең изилдөөгө, анын пайда болуу себептерин билүүгө жана аларды четтетүү максатын көздөгөн практикалык иш-чараларды жүзүгө ашырууда пайдаланууга толук болот.

**4. Диссертациянын жыйынтыктарын жана натыйжаларын пайдалануу боюнча конкреттүү сунуштар.**

Диссертациянын негизги жыйынтыктарын жана натыйжаларын маданияттын, инсандын маргиналдуулук мезгилиндеги ээлеген ордун, абалын терең түшүнүүгө жана практикалык иш-чараларды көрүүдө кенен пайдаланса болот. Ошондой эле изилдөөнүн материалдары маданияттар аралык жана этностор аралык мамилелердин чөйрөсүндөгү бышып жетилген, чечилүүнү күтүп жаткан көйгөйлөрдү чечүү учурунда өз пайдасын тийгизет. Жүргүзүлгөн изилдөөнүн теориялык жоболорун жана натыйжаларын социалдык философия, социология, саясат таануу жана маданият таануу, дүйнөлүк саясий процесстин теорияларын, ошондой эле этностун теориясы жана инсандын теориясы менен байланышкан атайын курстар боюнча лекция окуу, практикалык сабактарды өтүү жана окуу куралдарын даярдоо ишинде кеңири пайдаланууга болот.

**5. Авторефераттын диссертациянын мазмунуна туура келиши.**

Автореферат диссертациянын мазмунуна, андагы коюлган изилдөөнүн максатына жана милдеттерине дал келет. Диссертацияда каралган этномаданий маргиналдуулукту анализдөөнүн социалдык-эпистемологиялык ыкмалары, этномаданий маргиналдуулуктун маңызы жана мазмуну, маргиналдуулуктун этноцивилизациялык негиздери, этномаданияттагы маргиналдуулуктун фукциялануу формалары, ааламдашуунун контекстинде маргиналдуулуктагы салттуулук менен инновациялардын байланышы, эгемендүү Кыргызстандын маданиятындагы маргиналдуулуктун өнүгүшүнүн аксиологиялык мааниси авторефератта бирдей тартипте ачылып берилген. Диссертация менен авторефераттын логикалык байланышы сакталган. Автореферат кыргыз, орус, англис тилдеринде окшош резюмелерге ээ.

**6. Диссертациянын мазмунундагы жана авторефераттагы мүчүлүштүктор.**

Диссертацияда ааламдашуу шарттарында кыргыздардын этномаданиятындагы маргиналдуулук феноменине байланыштуу чыгарылган илимий жактан баалуу жыйынтыктар, натыйжалар менен катар айрым мүчүлүштүктор кездешет. Алар төмөнкүлөр:

1. Изилдөөнүн айрым жерлеринде теориялык жагдайлар басымдуулук кылып калган.

2. Диссертацияда жергиликтүү окумуштуулардын маргиналдуулукка байланыштуу иштеп чыгуулары, ой-пикирлери аз санда колдонулган.

3. Изилдөөдө айрым стилдик жана грамматикалык каталар кездешет.

Аталган пикирлер каалоо мүнөзүндө болуп, иштин жалпы сапатына, мазмунуна олуттуу таасирин тийгизе албайт.

7. **КРнын *Жогорку* аттестациялык комиссиясынын «Окумуштуулук даражаларды берүүнүн тартиби жөнүндо жобосунун» 10-пунктуна ылайыктуулугу, критерийлерине иштин жооп бериши.**

Калмаматова Замира Абдырахманованын 09.00.11 – социалдык философия адистиги боюнча философия илимдеринин кандидаты

окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазган «Ааламдашуу шарттарында кыргыздардын этномаданиятындагы маргиналдуулук феномени» аттуу диссертациялык иши жогорку деңгээлде жазылган илимий эмгек болуп эсептелет жана Кыргыз Республикасынын Жогорку аттестациялык комиссиясынын «Окумуштуулук даражаларды ыйгаруу тартиби жонүндө жобосунун» 10-пунктунда коюлган талаптарга жооп берет. Ал эми анын автору 09.00.11 – социалдык философия адистиги боюнча философия илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын алууга татыктуу.

Расмий оппонент, КР УИАнын корреспондент-
мүчөсү, философия илимдеринин доктору,
профессор **Ы.М.Мукасов**

А. Мукасовдун

13 02 16ж.